# БЕРРИЛАКТ
## ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Курамы:** 1 сашеде төмөнкүлөр камтылат:
*Активдүү заттар:*
- Пробиотиктер аралашмасы 400 мг (Рамнозус лактобактериялары, лактис лактобактериялары, ацидофил лактобактериялары, термофил стрептококку);
- D-манноза 500 мг;
- Клюква маңызы (чоң жемиштүү клюква) 200 мг.

*Көмөкчү заттар:* мальтодекстрин, жыт берүүчү (клюква), кремний диоксиди.
**Колдонуу чөйрөсү:**
Беррилакт – пробиотиктердин, D-манноза жана клюкванын маңызынын уникалдуу айкалышындагы тамак-ашка биологиялык активдүү кошулма. Бул үч активдүү компонент заара бөлүп чыгаруу жолдорунун нормалдуу иштешин колдойт, ошондой эле тамак сиңирүү жана иммундук системаларына жагымдуу таасир көрсөтөт. Заара бөлүп чыгаруу жолдорунун ишин нормалдаштырууга көмөк көрсөтөт. Пробиотиктер аралашмасы кычкыл сүт бактерияларын (Рамнозус лактобактериялары, лактис лактобактериялары, ацидофил лактобактериялары, термофил стрептококку) камтыйт, алар организмди зыян бактериялардан коргойт, иммундук системанын нормалдуу иштешин камсыз кылат, тамак сиңирүүгө көмөк көрсөтөт жана аш болумдуу заттардын сиңишине жардам берет.

D-*манноза* табигый организмди тазалоо процесси мезгилинде заара бөлүп чыгаруу жолдорунун иштешине жакшы оң таасир көрсөтөт. Заара бөлүп чыгаруу жолдорунун микрофлорасынын теңдемин нормага келтирет.

*Клюква* - 88%га органикалык кислоталардын татаал аралашмасы менен суудан турат жана адгезияга каршы таасирге, микроорганизмдердин түрдүү түрлөрүнө карата бактериостатикалык таасир көрсөтүү менен микробго каршы активдүүлүккө ээ.

**Колдонуу жолу жана дозалары:**
*Чоң адамдарга жана 14 жаштан жогору балдарга:* 1 сашеден күнүнө 2 жолу 10 күн бою. Кабыл алуу курсу күнүнө 1 сашеден 1 айга чейин узартууга болот. Зарыл учурда колдонуунун биринчи төрт күнү ичинде күнүнө 4 сашеден.
Сашенин ичиндегини муздак суусу (50 – 150 мл) бар стаканга салып аралаштыруу керек. Сунушталган суткалык дозадан ашырууга болбойт.
**Каршы көрсөтмө:**
Препараттын компоненттерине жогору сезгичтик.
**Берүү шарты:** Рецепти жок.
**Чыгаруу формасы жана таңгагы:**
30 саше мамлекеттик жана орус тилиндеги колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакка салынат.
**Сактоо:** кургак, жарык тийбеген жерде 25°Сден жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!
**Жарактуулук мөөнөтү:** 24 ай.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Соода маркасынын ээси:**
Spey Medical Ltd.,
Лондон, Улуу Британия

**Өндүрүүчү:**
Kendy Ltd,
Банкя ш., Болгария, София көч., 101

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн дооматтарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК,
Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары,
Шооруков көч. 36. Тел: (0312) 560466,
E-mail: aman.pharm12@gmail.com